# Протокол

## Х.Жээнбаев мектеп-лицейинин 23-сентябрь" Мамлекеттик тил майрамынын 33 жылдыгы"

Катышты: Мектеп директору Атаев Б.С

Окуу завучу Мамбетбаев М.Б

Тарбия завучу Рысмендиев У.К жана мугалимдери. 5-6-7-8-9-10-11-класстын окуучулары.

Салтанаттуу иш чара Кыргыз Республикасынын Гимни менен башталды.

2-16 сентябрга чейин "Мамлекеттин келечеги-мамлекеттин тилинде" аталыштагы класстык бурчтар түзүлдү. Бул класстык бурчтун максаты тилди даңазалоо болуп саналат. Ушул эле датада тил жөнүндө улуу инсандардын айткан сөздөрү,макал-лакаптар,учкул сөздөр жана керегe чакырык,лозунгдар чыгарылды. Көргөзмө уюшулду. 13-сентябрь "Улуттук маданияттын соолбос булагы-тил" деген темада Момункулова Нүргүл доклад окуду. Бул доклад мамлекеттик тил мыйзамынын кабыл алынышы боюнча окуучуларга маалымат берилди.19-сентябрь "Эне тил болбой,эл болбойт" аталышында мугалимдер сабаттуулукту артыруу максатында жат жазуу жазышты. 14-28-сентябрь "Эне тилди,мен ардактап туу тутуп, тилим менен келе жатам мен утуп"деген темада 7-11-класстар арасында дил баян,эсселер жазылып,мыкты жазгандар грамота менен сыйланышты. Ушул эле датада "Дили адептүүнүн-тили адептүү деген темада 4-6-класстар арасында жат жазуу жазылып,жыйынтыгы чыгарылды. 20-27-сентябрь "Мамлекеттик тил-жалпы улуттук кенч" 6-11-класстар көркөм окуу сынагыболуп,жыйынтыгында окуучулар грамота менен сыйланышты.

23-сентябрь "Мамлекеттик тилге 33 жыл" деген аталышында

Сканировано с CamScanner

салтанттуу тизим болуп өттү. Салтанаттуу тизимге 1-11-класска чейин жана жалпы мугалимдер катышты. Тизимде мектеп директору сөз сүйлөп,буга чейинки тапшырмаларды аткарып,жакшы жыйынтык көрсөткөндөрдү грамота менен сыйлады. Алар: көркөм окуу боюнча 5 "а" класстын окуучусу Бейшембиев Рамазан "Майсалбектин каты" монологу үчүн сыйланса, 11 "г" класстын окуучусу Токтомушева Айгерим "Эне тил" ырын көркөм айтып сыйланды. 6 "а" класстан Болотова Латифа, Исаева Нурема,Орозакунова Сабина, Искакова Сабина,Насирдинова Айжамал, 6 "б" класстан Ахмедова Аяна,Бейшеева Раяна,Эсеналиева Бекайым грамоталар менен сыйланышты. Дил баяндар боюнча11 "г" класстан Жеңишова Алтынай,Өкмөталиева Каныкей,8 "Г" класстан Бейшембиева Камила, Жумалиева Айпери сыйланышты. Ал эми кереге гезиттин мыктысын тандоодо 5 "д" класс,10 "б" класс,7 "б" класс жеңишке жетишти. 12-30-сентябрь кыргыз тили өнүктүрүүдө этнопедагогиканы колдонуу менен тегерекстол,ачык сабактар,мастер класс өтүлдү. 12-октябрь мамлекеттик тил күнүнүн жыйынтыгы чыгарылып,анализ жүргүзүлүп,жалпы мектеп жамаатына маалымат берилди.

Чечим : мендан ары дагы мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана өстүрүү, жайылтуу ар бир инсандын милдети. Окуучуларга эне тилин барктоо, сүйүү жана сыйлоого үйрөтүү.

Мектеп директору Атаев Б.С

Сканировано с CamScanner

# Протокол

## “Мамлекеттин келечеги –мамлекеттин тилинде” аттуу тегерек стол

Катышты : Мектеп администрациясы жана мугалимдер,

8-11- класстарынын окуучулары

11-октябрь 8-11-класстар менен “Мамлекеттин келечеги-мамлекеттин тилинде” аттуу тегерек стол өтүлдү. Тегерек стол Кыргыз Республикасынын гимни менен башталды. “Мамлекеттин келечеги мамлекеттин тилинде” деген темада Кожокеева Мээрим Сыртыманова доклад окуду. Кыргыз тили анын тарыхы,өнүгүшү жөнүндө слайд көргөзүлдү. Тегерек столду орус класстарага кыргыз тилинен берген мугалимибиз Йскакова Шарапат эже алып барды. Окуучулар менен суроо-жооп болду. Суроо - жоопто, тил жөнүндө логикалык суроолор берилип,окуучулар активдүү жооп беришти. “Эне тилди мен ардактап туу тутуп,тилим менен келе жатам мен утуп”деген темада 8-класстан 11-класстарга чейин дил баян жазуу тапшырмасы берилген,тапшырма аткарылып,тегерек столдо мыкты делген дил баяндар окулду. 8-г класстын окуучусу Имангазиев Адилет “Ибарат” аттуу күүсүн чертип берди. Келген коноктorго сөз берилип,тегерек стол жыйынтыкталды.

Чечим : Мамлектеттин келечеги – мамлекеттик тил болгондуктан өз тилибизди сактап калуу максатында окуучу балдарыбызга өз тилин сыйлоого, урматтого жана келечек муунга үйрөтүүгө тарбиялоо.

Мектеп директору Атаев Б.С

Сканировано с CamScanner